**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИ
ОШ ШААРДЫК ИЧКИ ИШТЕР
БАШКАРМАЛЫГЫ
ТЕРГОО КЫЗМАТЫ**

**723510:** Ош ш., Масалиев 101 «А» коч.
**тел.:** (03222) 2-75-15

**МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
ГОРОДА ОШ
СЛЕДСТВЕННАЯ СЛУЖБА**

**723510:** город Ош, улица Масалиева, 101 «А»
**тел.:** (03222) 2-75-15

чыг.№ 3/15/14/20 «27» 04 2024- ж.

## Билдирме

Ош ШИИБнын тергоо кызматы, Сизге Ак-Буура МБнун МЭЖне 02-092-2024-001579 сандуу материалы боюнча кылмыш ишин козгоодон баш тартылган токтомунун кочурмосун жиберет.

**Тергоочу** **Р.А.Жуматаев**

**№ 02-092-2024-001579-01-001-001215**

# ТОКТОМ/ПОСТАНОВЛЕНИЕ

## кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндөгү / об отказе в возбуждении уголовного дела

Ош шаары

25.04.2024 -ж./г.

Ош ШИИБнын Ак-Буура МБнүн Тергөө кызматынын тергөөчүсү, милициянын лейтенанты Р.Жуматаев, Ош ШИИБнын Ак-Буура МБнүн МЭЖна 02-092-2024-001579 саны менен катталган материалдарын окуп чыгып төмөндөгүлөрдү,

Документ подготовлен в АИС «ЕРП»

## АНЫКТАДЫМ/УСТАНОВИЛ:

2024-жылдын 24-апрель күнү Ош ШИИБнын Ак-Буура МБнүн башчысы милициянын полковниги М.А. Торохожаевдин атына билдирүү менен ушул эле бөлүмдүн ЭММКАКнын ага ыкчам өкүлү милициянын подполковниги З.А. Насиров кайрылган. Анда ал, алынган ыкчам маалыматтын негизинде, Ош шаарынын аймагында, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына №7 добуш берүү Ош шайлоо округу боюнча катталган талапкерлер, шайлоо алдындагы үгүт иштерине байланыштуу, алардын өкүлдөрү, жакын-туугандары, ишенимдүү адамдары жана ыйгарым укуктуу өкүлдөрү тарабынан шайлоочулардын добуштарын материалдык булактарды берүү, же болбосо таратуу, же кандайдыр бир кызматты, же башка артыкчылыларды алууга көмөктөшүү жолу менен сатып алуу, ошондой эле, шайлоону даярдоо өткөрүүдө жана добуш берүү күнүндө администрадивдик ресурстарды кыянаттык менен пайдалануу менен талапкерлерди шайлоо максатында Мамлекеттик жалпыга малымдоо каражаттарынын жана интернет басылмалардын жетекчилеринин администрадивдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануусу жөнүндө аракеттери жасала тургандыгы мүмкүн болууда деп экендигин билдирген.

Бул факты боюнча, жыйналган материалдар 2024-жылдын 24-апрель күнү Ош шаардык ИИБнын Ак-Буура МБнүн МЭЖна 02-092-2024-001579 саны менен каттоого алынган.

Тергөө амалдарынын жүрүшүндө, Ош ШИИБнын Ак-Буура МБнүн ЭММКАКнын ага ыкчым өкүлү милициянын подполковниги Насиров Зафар Анваржанович, өзүнүн берген көрсөтмөсүндө, 2024-жылдын 24-апрель күнү ыкчам иш-чаралардын жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына койгон талапкерлердин бирисине добуш чогултуу үчүн чуркап жүргөн, тергөөдө өздүгү толук аныкталбаган Наргиза аттуу атуул башка жарандардын жарандык паспортунун көчүрмөлөрүн чогултуп жүргөндүгүн. Ошол себептен, ал бул маалымат боюнча туура юридикалык баа берүү максатында Ош ШИИБнын Ак-Буура МБнүн МЭЖна каттаганы уруксат алып, аталган маалыматты МЭЖна каттаткандыгын. Бирок, бул маалымат боюнча эч кандай терс көрүнүштөгү маалыматтар аныкталбагандыгын жана ошондой эле, эч кандай паспорт көчүрмөлөрү чогулбагандыгы аныкталгандыгын билдирген.

Тергөө аракеттеринин жүрүшүндө, Ош ШИИБнын Ак-Буура МБнүн Тергөө кызматы тарабынан, бул материал иши боюнча туура юридикалык жана объективдүү баа берүү максатында, окуяга тийиш болгон атуулдарды камсыз кылуу жана кошумча маалыматтарды чогултуу боюнча тергөө тапшырма берилген.

Ал эми, Ош ШИИБнын Ак-Буура МБнүн ЭММКАКнын ага ыкчым өкүлү милициянын подполковниги Насиров Зафар Анваржановичтин берген тактамасына ылайык, Ош ШИИБнын Ак-Буура МБнүн МЭЖна 02-092-2024-001579 саны менен каттаган материал иши боюнча эч кандай терс көрүнүштөгү маалыматтар менен эч кандай паспорт көчүрмөлөрү чогулбагандыгы аныкталган.

Андыктан, аталган материал иши боюнча кылмыштын курамы аныкталбагандыгына байланыштуу, Ош ШИИБнын Ак-Буура МБнүн МЭЖна 02-092-2024-001579 саны менен катталган материал иши боюнча кылмыш ишин козгоодон баш тартуу чечимин кабыл алууну туура деп эсептеймин.

Жогорудагылардын негизинде, Кыргыз Республикасынын ЖПКнын 36, 37, 153, 154 жана 27-беренесин 1-бөлүмүнүн 2-пунктун жетекчиликке алып / На основании вышеизложенного, руководствуясь требованиями статьи 36, 37, 153, 154 и 27 части 1 пункта 2 УПК Кыргызской Республики

## ТОКТОМ КЫЛДЫМ/ПОСТАНОВИЛ:

1. 02-092-2024-001579 сандуу материал иши боюнча кылмыш иш козгоодон баш тартылсын.
2. Токтом менен кызыккан тараптар тааныштырылып, алардын укук милдеттери түшүндүрүлсүн.
3. Токтомдун түп нускасы көзөмөл иретинде Ош шаарынын прокуроруна жиберилсин.

Тергөөчү Жуматаев Рихат Айдарбекович

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТИРЛИГИ**

**ОШ ШААРДЫК ИЧКИ ИШТЕР БАШКАРМАЛЫГЫ**

Ош ш. ул.Э.Алиев коч. № 128 (тел. 03222 4-82-82)

**МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ ГОРОДА ОШ**

г.Ош ул. Э.Алиева № 128 ( тел. 03222 4-82-82)

«28» апрели 2024-жыл. чыг. № 32/3-3328

**Ош аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы К.Т.Бердибековага**

Ош шаардык ИИБдин Тергөө кызматы Сизге, 02-041-2024-001228 сандуу тергөөгө чейинки текшерүү иши боюнча 2024-жылдын 28-апрелинде Кыргыз Республикасынын КЖПКнин 27-бер. 1-б. 2-п менен кылмыш иш козгоодон баш тартуу чечими кабыл алынгандыктан токтомдун бир нусасын маалымат иретинде жиберебиз.

*Тиркеме: токтом 2 (эки) ббарактан:*

Ош ШИИБнын Тергөө кызматынын башчысы
милициянын полковниги: **К.А.Тургуналиев**

Атк: Исмаилов Б.А.
Тел.0551-58-00-75

№ 02-041-2024-001228-01-001-000640

# ТОКТОМ/ПОСТАНОВЛЕНИЕ

## кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндөгү / об отказе в возбуждении уголовного дела

Ош шаары

28.04.2024 -ж./г.

Ош шаардык ИИБдин ТКнын бөлүмчө башчысы милициянын майору Исмаилов Б.А, Ош шаардык ИИБдин МЭЖна 02-041-2024-001228 саны менен катталган тергөөгө чейинки текшерүү материалын карап чыгып.,

## АНЫКТАДЫМ/УСТАНОВИЛ:

2024-жылдын 28-апрель күнү 0550 23 06 86 сандуу абоненттик номеринен Кыргыз Республикасынын Жогорку кеңешине бир мандаттуу №7 Он шайлоо округу боюнча депутаттык шайлоо учурунда №7 Ош шайлоо округунун №5551 шайлоо участогуна автоунаалар менен шайлоочуларды ташып жатат деп кабар келген.

Бул маалымат, 2024-жылдын 28-апрелинде саат 13.49 минутада Ош шаардык ИИБнын МБнун МЭЖне 02-041-2024-001228 саны менен катталган.

Текшерүүнүн жүрүшүндө Ош шаарынын А.Новаи көчөсүнүн 36/24 үйүнүн тургуну 02.08.1969-жылы туулган Шарипова Хурматай көрсөтмөсүндө “2024-жылдын 28-апрелинде болжол менен саат 12.00 чамасында Ош шаарындагы Фучико көчөсүнүн 3 өзбек улутундагы аялды алып Ош шаарынын Р.Юнусов көчөсүнүн 23/1-дарегинде жайгашкан №5551 шайлоо участкасына алып келдим, жол кире акысын 50 (элуу) сомдон берет эле, ошол эле учурда шайлоо участкасынын алдында милиция кызматкерлери келип эмне адам ташып жатасың деп айтышты, мен таксимин таксафонум турат, бул 3 аялды жолдон алып алдым деп айттым, №5551 шайлоо участкасынын жагында жайгашкан унаа ондоочу жайга келип устаны күтүп кайра кеткенмин, мени адам ташы деп эч ким жалдаган эмес” деп билдирген.

Ош шаарынын Фичика көчөсүнүн 16-үйүнүн тургуну 19.01.1990-жылы туулган Абдурашидова Мадина көрсөтмөсүндө “2024-жылдын 28-апрель күнү саат 12.00 жээним Абдурашидова Мадинабону менен экөөбүз №5551 шайлоо участкасына шайлоого бара жатып жолдон “Деу-Матис” үлгүсүндөгү унаасын тосуп жол кире акысы 50 (элуу) сомдон деп түшүп ал унаа менен шайлоо участкасына келдик, №5551 шайлоо участкасына келгенде милиция кызматкерлери бизди токтотуп ушул жерде кетпей туруп тургула айтты, бизди чакырып акча берем шайлап койгула деп эч ким айткан эмес” деп билдирген.

Ош шаарынын Пахта көчөсүнүн 20.11.1988-жылы туулган Арзиева Мамьура көрсөтмөсүндө “2024-жылдын 26-апрель саат 16.00 чамасында синдим 1995-жылы туулган Хасыл кызы Севара менден суранып, мен бир жерде агитатор болуп иштеп жатамын, бирок азыр ооруп калдым, сен менин ордума барып сен менин ордума барып кой деп калды, мен макул болуп бүгүн 2024-жылдын 28-апрель күнү саат 11.30 до Ош шаарынын Р.Юнусов көчөсүнүн №23/1-дарегинде жайгашкан шайлоо участкасына келдим, синдимдин ордуна көрүнүп коюн деген элем, мен такси жалдап адамдарды ташыганым жок, колумдагы тизме кошунаралардын тизмеси алар өз эрки менен шайлашкан, синдим Хасыл кызы Севара Эргешов Ильичбектин агитатору болгон, мен жана синдим Хасыл кызы Севара эч кимге акча берген эмеспиз” деп билдирген.

Документ подготовлен в АИС «ЕРП»

Бул окуя боюнча, топтолгон материалдардын негизинде №7 Ош шайлоо округунун №5551 шайлоо участогуна автоунаалар менен шайлоочуларды ташып жатат деген маалымат аныкталбагандыктан жана окуяда кылмыштын курамы жок болгондуктан кылмыш иш козгоодон баш тартууга жатат жатат деп эсептеймин.

Жогорудагылардын негизинде, Кыргыз Республикасынын ЖПКнын 36, 37, 153, 154 жана 27-беренесин 1-бөлүмүнүн 2-пунктун жетекчиликке алып / На основании вышеизложенного, руководствуясь требованиями статьи 36, 37, 153, 154 и 27 части 1 пункта 2 УПК Кыргызской Республики

## ТОКТОМ КЫЛДЫМ/ПОСТАНОВИЛ:

1.МЭЖна 02-041-2024-001228 саны менен катталган материал боюнча кылмыш иш козгоодон баш тартылсын.
2.Токтомдун мазмуну кызыккан тараптарга маалыматтандырылсын жана аларга укук милдеттери түшүндүрүлсүн.
3.Токтомдун бирден нускалары көзөмөл иретинде Ош шаарынын прокуроруна жана Ош аймактык шайлоо комиссиясына маалымат иретинде жиберилсин.

ТКнын бөлүмчө башчысы Исмаилов Бектур

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТИРЛИГИ**

**ОШ ШААРДЫК ИЧКИ ИШТЕР БАШКАРМАЛЫГЫ**

Ош ш. ул.Э.Алиев коч. № 128 (тел. 03222 4-82-82)

**МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ ГОРОДА ОШ**

г.Ош ул. Э.Алиева № 128 ( тел. 03222 4-82-82)

«28» апрели 2024-жыл. чыг. № 32/3-3330

**Ош аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы К.Т.Бердибековага**

Ош шаардык ИИБдин Тергөө кызматы Сизге, 02-041-2024-001226 сандуу тергөөгө чейинки текшерүү иши боюнча 2024-жылдын 28-апрелинде Кыргыз Республикасынын КЖПКнин 27-бер. 1-б. 2-п менен кылмыш иш козгоодон баш тартуу чечими кабыл алынгандыктан токтомдун бир нусасын маалымат иретинде жиберебиз.

*Тиркеме: токтом 2 (эки) барактан:*

Ош ШИИБнын Тергөө кызматынын башчысы
милициянын полковниги: **К.А.Тургуналиев**

Атк: Исмаилов Б.А.
Тел.0551-58-00-75

№ 02-041-2024-001226-01-001-000639

# ТОКТОМ/ПОСТАНОВЛЕНИЕ

## кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндөгү / об отказе в возбуждении уголовного дела

Ош шаары 28.04.2024 -ж./г.

Ош шаардык ИИБнын Тергөө кызматынын бөлүмчө башчысы, милициянын майору Исмаилов Б., Ош ШИИБнын МЭЖне 02-041-2024-001226 сандуу болуп катталган материалды карап чыгып төмөндөгүлөрдү,

## АНЫКТАДЫМ/УСТАНОВИЛ:

2024-жылдын 28-апрель күнү саат 09.30 чамасында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине Ош шаарынын бир мандатуу округунан шайлоо жүрүп жаткан учурда, шайлоо комиссиясынын жалпы "Whats App" тобуна, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине депутатыкка талапкер Ю.Лиленталь тарабынан Ош шаарынын Королев көчөсүнүн 40-дарегинде жайгашкан №41 "Х.Абдуллаев" атындагы орто мектебинде жайгашкан №5272 сандуу шайлоо участкасында Ош шаарынын бир мандаттуу №7 шайлоо округунан талапкер Б.Эргешовдун штабы жайгашып баннер илинип, ал штабга белгисиз адамдар кирип чыгып жаткандыгын текшерип берүүнүн суранган.

Бул маалымат, 2024-жылдын 28-апрелинде саат 09.53 минутада Ош шаардык ИИБнын МБнун МЭЖне 02-041-2024-001226 саны менен тергөөгө чейинки текшерүү иши катталган.

Текшерүүнүн жүрүшүндө Ош шаарынын Латибжанов көчөсүнүн 10-үйүнүн тургуну 01.08.1977-жылы туулган Исламов Бахадир көрсөтмөсүндө "2024-жылдын 28-апрелинде болжол менен саат 08.30 чамасында Ош шаарынын Королева көчөсүндө орун алган имаратыма келгенмин, ал имаратты мага тааныш болгон Газиев Хатам атуу жаран мени менен келишип ижарага алам дегенинен келгенмин элем, бир канча убакыт өткөндөн кийин орус улутундагы бейтааныш болгон аял келип, имараттын сыртында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине депутаттыкка талапкер Б.Эргешовдун баннери илинип турат, жарнаманы бугун илбеш керек, алып койгула деп айтты, мен макул болуп илинип турган жарнаманы алып койдум, ал жер мага тийиштүү имарат штаб же башка нерсе болгон эмес унаа тетиктерин саткан дүкөн болуп иштеп келген, дүкөнгө эч кандай атуулдар кирген эмес" деп билдирген.

Газиев Хатам көрсөтмөсүндө "2024-жылдын 28-апрелинде болжол менен саат 08.50 чамасында Ош шаарынын Королева көчөсүндө орун алган имаратка келдим Исламов Бахадырдын имаратын ижарага алайын деген элем, ал жерде Исламов Бахадыр менен жолугуп сүйлөшүп чыктым" деп билдирген.

Ош шаарынын Төлөнов көчөсүнүн 10/12-уйунун тургуну 10.04.1994-жылы туулган Джалалов Хусан көрсөтмөсүндө "Мен Ош шаарынын Королева көчөсүндө чач тарач болуп иштеп келемин, 2024-жылдын 28-апрелинде өз жумушумда отурсам милиция кызматкерлери келип, менин жанымдагы имарат боюнча сурады, ал имарат унаа тетиктерин сатуучу имарат Исламов Бахадирга таандык" деп билдирген.

Документ подготовлен в АИС «ЕРП»

Текшерүүнүн жүрүшүндө Ю.Лилентальдын билдирүүсү боюнча

кылмыштын курамы аныкталбагандыктан, кылмыш иш козгоодон баш тартуу чечимин кабыл алууга жатат.

Жогорудагылардын негизинде, Кыргыз Республикасынын ЖПКнын 36, 37, 153, 154 жана 27-беренесин 1-бөлүмүнүн 2-пунктун жетекчиликке алып / На основании вышеизложенного, руководствуясь требованиями статьи 36, 37, 153, 154 и 27 части 1 пункта 2 УПК Кыргызской Республики

## ТОКТОМ КЫЛДЫМ/ПОСТАНОВИЛ:

1. 02-041-2024-001226 сандуу болуп катталган тергөөгө чейинки өндүрүш иши боюнча, кылмыштын курамы аныкталбагандыктан, кылмыш иш козгоодон баш тартылсын.
2. Токтомдун мазмуну кызыккан тараптарга маалыматтандырылсын жана аларга укук милдеттери түшүндүрүлсүн.
3. Токтомдун бирден нускалары көзөмөл иретинде Ош шаарынын прокуроруна жана Ош аймактык шайлоо комиссиясына маалымат иретинде жиберилсин.

ТКнын бөлүмчө башчысы — Исмаилов Бектур